**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСТИТЕТИ**

Диссертациялык кеңеш К.08.12.024

Кол жазма укугунда
**УДК: 331.56(575.2)(043.3)**

**АБДРАХМАНОВ ОЁНБЕК ЭМИЛОВИЧ**

# ЭМГЕКТИ МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО ШАРТЫНДА ЖУМУШСУЗДУКТУ КЫСКАРТУУНУН ЖАНА КАЛКТЫН ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ БОЛУУСУН ЖӨНГӨ САЛУУНУН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨЙГӨЙЛӨРҮ
**(Кыргыз Республикасынын материалында)**

Адистиги 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу
(экономика жана комплекстерди, тармактарды,
ишканаларды уюштуруу жана башкаруу)

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Ош – 2014**

pdfelement

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин “Ишканалар экономикасы жана бизнести башкаруу” кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчи:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Балбаков Мурат Балбакович**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Зулпукаров Аманкул Зулпукарович**

экономика илимдеринин кандидаты, доцент
**Атабеков Алмаз Каримович**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин “Экономика жана бизнес” кафедрасы, дареги: 720044, Бишкек шаары, Тынчтык проспектиси, 66.

pdfelement

Диссертацияны коргоо Ош мамлекеттик университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча К.08.12.024 диссертациялык кеңешинин отурумунда 2014-жылдын 16-октябрында саат 16:00дө болот. Дареги: 723500, Ош шаары, А.Масалиев проспектиси, 80.

Диссертациянын кол жазмасы менен Ош мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги 723500, Ош шаары, Ленин көчөсү, 331.

Автореферат 2014-жылдын 15-сентябрында таркатылды.

**К.08.12.024 диссертациялык кеңешинин окумуштуу катчысы, экономика илимдеринин кандидаты, доцент** **Кулуева Ч.Р.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманы изилдөөнүн актуалдуулугу.** Экономиканы ааламдаштыруу жана Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк рынок мейкиндигине кирүү, ошондой эле экономикалык кырдаалдын туруксуз шартында мамлекеттик социалдык маселелерди жүзөгө ашыруу менен байланышкан көйгөйлөр, баарынан мурда жумушсуздукту кыскартуу жана калкты иш менен камсыз кылуунун деңгээлин жогорулатуу көйгөйлөрү күч алды. Андыктан, эгерде азыркы учурда калкты социалдык жактан коргоо системасын реформалоо боюнча иш-чаралар тез арада кабыл алынбаса, анда социалдык терс көрүнүштөрдүн пайда болушу толук ыктымал. Эмгек каражаттарынын өтө жогорку темпте өсүүсү жана жумушчу күчүнүн ашыктыгы менен айырмалаган Кыргыз Республикасы үчүн эмгекке жарамдуу калкты, өзгөчө жаштарды иш менен камсыз кылуу негизги көйгөй болуп калды.

Азыркы учурдагы калктын иш менен камсыз болуусу менен байланышкан кырдаалдын түзүлүшүнө Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүктү алгандан кийинки мезгилдеги чарбалык байланыштардын үзүлүшүнүн, ойлонулбаган мамлекеттик мүлктөрдү менчиктештирүүнүн жана экономиканын реалдуу секторлорундагы өндүрүштүн кескин кулашынын кесепети себеп болуп эсептелинет. Биздин өлкөдө азыркы күнгө чейин экономикада жана социалдык чөйрөдө колдонулуп жаткан эмгек каражаттары менен накталай эмгек потенциалынын теңдешсиздиги байкалууда.

Мына ушундай шарттарда эмгек рыногундагы эмгек каражаттары менен байланышкан процесстердин динамикасын жана масштабын баалоо өзгөчө мааниге ээ. Ошондуктан, аларды натыйжалуу башкарууну камсыз кылуучу конкреттүү иш-чаралардын системасын жүзөгө ашыруу керек. Калкты иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрүн чечүү үчүн дүйнөлүк рыноктун талаптарын эске алуу менен кадрларды бөлүштүрүүнү, даярдоонун бардык системасына кайрадан багыт алууну жана ишке жайгаштыруу чөйрөсүндө улуттук экономикадагы курамдык өзгөрүүлөргө тез аракет жасоону камсыз кылуучу кужүрмөн мамлекеттик иш-чаралар талап кылынат. Андыктан, эмгек рыногундагы ар кандай терс көрүнүштөрдөн сактоо максатында коомдун ар бир мүчөсүнө социалдык жактан коргоого кепилдик көрсөтүүчү экономикалык, уюштуруучулук жана укуктук шарттарды түзүү зарыл.

Эмгек рыногу экономиканын бир бөлүгү катары экономиканын бардык кемчилдиктерин өзүнө камтыйт. Республикадагы элдердин материалдык оор абалынан, экономикадагы каатчылыктан жана башка терс көрүнүштөрдөн улам Кыргызстанда жумушсуздуктун саны өсүүдө. Ошол себептүү жогорку деңгээлдеги жабык жумушсуздук дагы деле калууда. Мындан сырткары, азырынча өлкөнүн көптөгөн тармактарында инвестициялык климат жагымсыз абалда болгондуктан, жаңы жумуш орундарын түзүү үчүн инвестиция тартуу көйгөйү да курч боюнча калууда.

Кыргызстандагы рыноктук мамилелердин калыптанышы демографиялык кырдаалдын начарлоо тенденциясы (жашоо узактыгынын кыскарышы, төрөлүүнүн жана өлүүнүн жогорулашы) менен коштолууда. Мындай кырдаалдын негизги себеби болуп өлкөдөгү экономикалык кризистин уланышы, калктын жашоо деңгээлинин төмөндөшү, инфляциянын өсүшү жана социалдык туруксуздук эсептелинет. Мындай шартта Кыргызстандагы демографиялык өнүгүү миграциялык процесс менен аныкталат. Жаштардын республикадан сырткары, биринчи кезекте Россия жана

Казакстанга агып чыгышы кандайдыр бир деңгээлде ата-мекендик эмгек рыногундагы чыңалууну азайтат.

Бирок бүгүнкү күндө стипендиянын, пенсиянын, жөлөк пулдун, эмгек акынын өлчөмүн жогорулатуу аркылуу социалдык чыңалууну төмөндөтүү жолдорун табуу, иш менен камсыз кылуу кызматтарынын ишмердүүлүктөрүн активдештирүү боюнча кабыл алынып жаткан иш-чаралар болгону убактылуу гана жыйынтык берүүдө, анткени аны менен жанаша эле орточо эмгек акынын өсүүсүнө салыштырмалуу жашоонун наркы бир топ жогору деңгээлде өсүп жаткандыгы республикадагы жалпы элдердин жашоо деңгээлинин төмөндөөсүнө алып келүүдө.

Мунун баары иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү абалды конкреттүү жакшыртууга көмөк көрсөтүүчү негизги экономикалык жана социалдык факторлорду терең талдоону, бир катар методологиялык жоболорду кайрадан ойлонуштурууну, ошондой эле учурдагы конкреттүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн илимий негизделген иш-чараларды иштеп чыгууну талап кылат. Иш менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясатты өлкөнүн туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө өтүү менен байланышкан ар тараптуу жана көп кырдалдуу мамиле катарында кароо керек.

Иш менен камсыз кылуу негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн бири болуп жаткандыктан изилденип жаткан **теманын актуалдуулугун** дагы да күчөтөт. Мындан сырткары, ал конкреттүү социалдык мүнөзгө ээ. Иш менен камсыз болуу элдердин кирешесиндеги гана керектөөнү чагылдырбастан, коомдун социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли менен дал келүүчү адамдык керектөөнү канааттандыруу деңгээлин да аныктайт.

Андыктан, эмгек рыногун жөнгө салуу үчүн макро жана микро деңгээлдеги иш-чараларды кабыл алуу керек. Бирок учурда иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү эң бир актуалдуу көйгөйлөрдүн бири катарында жумушсуздук менен күрөшүүгө, жумушсуздарга социалдык жардам көрсөтүүнү өркүндөтүүгө, кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо системасын түзүүгө жана өнүктүрүүгө, улуттук экономиканын курамын кайра рационалдуу түзүүгө, жаштардын ишмердик активдүүлүгүнө стимул берүүгө жана квалификациялуу кадрларга болгон суроо-талаптын өсүүсүнө жардам берүүчү ойлонулган макроэкономикалык саясатты иштеп чыгуу көйгөйү эсептелинүүдө.

Калкты иш менен камсыз кылуудагы дагы бир көйгөй – бул ар түрдүү экономикалык жана социалдык иш-чаралардын бири-бири менен макулдашпагандыгы, бул өз кезегинде ата-мекендик эмгек рыногунда жагымсыз тенденцияларды жаратууда. Бул көйгөйлөрдүн маанилүүлүгүн, ошондой эле анын жетиштүү эмес деңгээлде окулуп чыгуусун диссертациялык изилдөөнүн темасы, курамы, методологиясы, объектиси, максаты жана маселеси аныктады.

**Диссертациянын темасынын илимий жана мамлекеттик программалар менен байланышы.** Диссертация “2035-жылга чейин Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн инновациялык модернизациялоо стратегиясынын”, “2013-жылдан 2017-жылга чейинки аралыкта Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүү стратегиясынын” жана Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин “Калктын иш менен камсыз болуусуна көмөктөшүү” жөнүндөгү бөлүмүн жүзөгө ашыруунун алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана маселеси.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп калктын иш менен камсыз болуусунун жана жумушсуздуктун теоретикалык жоболорун окуп үйрөнүүнүн, ошондой эле анын Кыргызстандагы заманбап абалын



pdfelement

баалоонун негизинде республикадагы жумушсуздукту кыскартуунун жана калктын иш менен камсыз болуу деңгээлин жогорулатуу боюнча илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгуу эсептелинет. Коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү **маселелерди** чечүү каралган:

- жумушсуздуктун жана калктын иш менен камсыз болуусунун мазмунун жана анын социалдык-экономикалык маңызын окуп үйрөнүү;
- иш менен камсыз болуунун деңгээлин жана анын параметрлерин өлчөөнүн методологиялык мамилелерин тактоо;
- республикадагы жумушсуздукту кыскартуунун жана калктын иш менен камсыз болуусунун заманбап абалын окуп үйрөнүүнүн негизинде жумушсуздукту кыскартуунун жана калктын иш менен камсыз болуусунун деңгээлин жогорулатуунун резервдерин аныктоо;
- өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө калктын иш менен камсыз болуусунун стратегиялык максатын иштеп чыгуу;
- жумушсуздукту кыскартуу жана калкты иш менен камсыз кылуу чөйрөсүн мамлекет тарабынан жөнгө салууну жакшыртуу боюнча иш-чараларды сунуштоо;
- калктын иш менен камсыз болуусунун натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылуучу эмгек рыногунун кызматташуусунун шарттарын иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** болуп төмөнкүлөр эсептелинет:

- калктын иш менен камсыз болуусунун социалдык-экономикалык мазмуну окулуп үйрөнүлдү жана анын мазмуну аталган чөйрөдөгү заманбап тенденциялардын пайда болуусун жана Кыргызстандын спецификалык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен толукталды;
- калкты иш менен камсыз кылуунун социалдык-экономикалык өнүгүүгө жана калктын жашоо деңгээлине тийгизген таасиринин көз карашы менен иш менен камсыз болуунун деңгээлин жана анын параметрлерин өлчөөнүн методологиялык мамилелери такталды;
- аталган чөйрөдөгү рыноктук тенденцияларды жана калктын иш менен камсыз болуусунун заманбап абалын окуп үйрөнүүнүн негизинде калкты иш менен камсыз кылуунун натыйжалуулугун жогорулатуунун резервдери аныкталды;
- келечекте өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн программасын жүзөгө ашырууда калктын иш менен камсыз болуу чөйрөсүндөгү стратегиялык максат иштелип чыкты;
- калкты иш менен камсыз кылууну мамлекет тарабынан жөнгө салууну жакшыртуунун жолдору сунушталды;
- эмгек рыногунун кызматташуусунун жана анын жумушсуздукту кыскартууга, калктын иш менен камсыз болуусуна тийгизген таасиринин негизги шарттары иштелип чыкты.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.** Автор тарабынан иштелип чыккан жумушсуздукту кыскартуу жана калктын иш менен камсыз болуусун өнүктүрүү боюнча иш-чаралар конкреттүү программаларды жана аймактардагы заманбап калыптанган тенденцияларды эсепке алуу менен социалдык өнүгүүнүн жаңы концепциясын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык маанилүүлүгү.** Алынган илимий-теоретикалык жыйынтыктар жана практикалык сунуштар жумушсуздукту

pdfelement

кыскартуу жана калктын иш менен камсыз болуусун жогорулатуунун стратегиясын жана тактикасын иштеп чыгууда тиешелүү мамлекеттик башкаруу органдарынын ишин жакшыртууга көмөк көрсөтөт.

**Коргоого алып чыга турган негизги жоболор:**

Коргоого алып чыга турган негизги жоболор автор тарабынан илимий жаңылык катарында берилген диссертациянын жоболорунан келип чыккан. Ал жоболордун кээ бирлери төмөндө келтирилген:

- эмгек ишмердүүлүгүн жана киреше алууну гана өзүнө камтыбастан, эмгек рыногунун кызматташуусунун шарттарын, социалдык чөйрөнүн жана экономиканын өнүгүү көйгөйлөрүн, калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу жана башкаларды да өзүнө камтыган калктын иш менен камсыз болуусунун мазмунунун жана маңызынын такталышы;
- келечекте иш менен камсыз кылуунун максаттуу дарагын түзүү боюнча сунуштардын берилиши;
- иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамлекет тарабынан жөнгө салууну жакшыртуу боюнча иш-чаралардын сунушталышы.

**Изденүүчүнүн өздүк салымы.** Автор Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Кыргызстанды инновациялык өнүгүү жолуна которуудагы көйгөйлөрүн изилдөө долбоорунда, “2035-жылга чейин Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн инновациялык модернизациялоо стратегиясында” жана жумушсуздукту кыскартуу, ошондой эле калктын иш менен камсыз болуусун жөнгө салуу менен байланышкан жумушчу материалдарды иштеп чыгууда түздөн-түз катышкан.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы.** Диссертациялык иштин негизги жоболору жергиликтүү жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда каралып, баяндама жасалган. Диссертациялык изилдөөнүн жоболору жана теоретикалык корутундулары экономикалык факультеттин кафедраларынын отурумдарында, жогорку окуу жайлардын илимий-практикалык конференцияларында талкууга алынган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук чагылдырылышы.** Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары жалпы көлөмү 3,4 басма табактан турган 9 илимий эмгекте чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүнү, үч бап 7 параграфты, иштин жыйынтыгын жана өзүнө 15 таблицаны жана 3 сүрөттү камтыйт. Иштин аягында 132 аталыштан турган адабияттардын тизмеси келтирилген.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманы изилдөөнүн актуалдуулугу, теоретикалык жана практикалык маанилүүлүгү негизделди, изилдөөдөгү көйгөйлөрдүн иштелип чыгуу деңгээли мүнөздөлдү, изилдөөнүн объектиси жана предмети аныкталды, изилдөө жүргүзүүнүн теоретикалык жана усулияттык негиздери көрсөтүлдү, жүргүзүлгөн изилдөөнүн практикалык, экономикалык маанилүүлүгү жана илимий жаңылыгы ачып берилди.

Биринчи бап – **“Жумушсуздуктун жана калктын иш менен камсыз болуусунун социалдык-экономикалык көйгөйлөрүн изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык мамилелери”** деп аталып, анда жумушсуздуктун жана калктын иш менен камсыз болуусунун социалдык-экономикалык мааниси жана мазмуну; иш

pdfelement

менен камсыз болуунун деңгээлин жана анын параметрлерин өлчөөнүн методологиялык мамилелери каралган.

Жаңы көз карандысыз мамлекеттердин рыноктук экономиканы курууга багытталган мезгилинде, ошондой эле экономиканын түп тамырынан кайра жаралуусун жүзөгө ашыруу процессинде жашоонун социалдык чөйрөсүндөгү, өзгөчө, эмгекке жарамдуу калктын арасынан жумушсуздукту кыскартуу жана калкты толук иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрү күч алды. Аны ийгиликтүү чечүү көбүнчө жаш эгемендүү өлкөлөрдүн социалдык климатынын абалынан, ошондой эле, экономиканын туруктуу өсүүсүнөн жана коомдук продуктыны өндүрүүнү камсыз кылуусунан дагы көз каранды.

Иш менен камсыз кылуу көйгөйү өзүнө комплекстүү маселелерди камтыйт, анын курамына эмгек ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү жана анын экономикалык өсүү түрүндөгү жыйынтыгы, ошондой эле көптөгөн социалдык көйгөйлөрдү чечүү кирет. Өз кезегинде, иш менен камсыз болуу жеке жана үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн муктаждыктары үчүн материалдык-акчалай каражаттарды табуу менен коштолот. Рыноктук шартта башка экономикалык кубулуштар сыяктуу эле иш менен камсыз кылуу дагы  рыноктун мыйзамы менен калыптанат. Мисалы: жумушчу күчүнө болгон суроо-талап жана сунуш. Андыктан, сунуш менен суроо-талаптын пайда болуу мыйзам ченемдүүлүгү бардык ишмердүүлүктүн чөйрөсүнө тиешелүү. Ошол себептүү көптөгөн чет өлкөлүк экономисттер жогорку деңгээлдеги эмгек акы же анын өсүүсү – эмгекке болгон суроо-талаптын кыскаруусунун негизги себеби, ал эми төмөнкү деңгээлдеги эмгек акы же анын азайышы – иш менен камсыз кылууну көбөйтүүнүн каражаты деп эсептешет. Мына ошондуктан алар суроо-талап менен сунуштун мыйзамына шилтеме жасашат, анын негизинде эмгек акы канча жогору болсо, суроо-талап ошончолук төмөн же тескерисинче болот.

Биздин көз караш боюнча, иш менен камсыз болуунун маңызы өзүнө коомдук жана жеке керектөөнү канааттандыруу үчүн киреше алуу максатында конкреттүү эмгек ишмердүүлүктүн аныкталган жумуш ордуна кирүү сыяктуу социалдык-эмгектик жана социалдык-экономикалык мамилелердин бүтүндүгүн камтыган социалдык-экономикалык категорияны камтыйт.

Ошондой эле жумушсуздарды кошуу менен биргеликте экономикалык активдүү калктын статусун аныктоо керек. Көбүнчө аны беш статуска бөлүп кароого болот:

1. Жалданма жумушчулар – эмгек ишмердүүлүктүн шарты жөнүндө ишкананын жетекчиси менен сөз түрүндө макулдашуу же жазуу түрүндө келишим түзүү аркылуу иштеген жарандар, алар келишимде көрсөтүлгөн акыны алышат;

2. Жекече негизде эмгектенгендер – өз алдынча ишмердүүлүк жүргүзүшкөн жарандар;

3. Жумуш берүүчүлөр – чарбалык бирикмелерди, акционердик коомдорду мамлекет тарабынан ыйгарымдуу башкаруучу же менчик башкаруучу жактар. Жумуш берүүчүлөр өздөрүнүн укуктарын толугу менен же кээ бир бөлүгүн гана жалданма башкаруучуларга ыйгарып бериши мүмкүн;

4. Үй-бүлөлүк ишканаларда акы албай эмгектенген жумушчулар – бул үй-бүлө ишканаларында акы төлөмсүз иштеген жактар;

5. Иш менен камсыз болгондордун статусуна кирбеген жактар. Буларга мурда эмгек ишмердүүлүгү менен алектенбеген жана киреше алып келбеген жумушсуздарды кошууга болот.

pdfelement

Биздин көз караш боюнча, жогоруда аталган категориялар иш менен камсыз болуунун толук мазмунун чагылдырбайт, анткени өзүнүн статусу боюнча коомдук өнүгүү үчүн аз мааниге ээ болгон ишмердүүлүктүн чөйрөлөрү бар. Мисалы, үй чарбасы же бала багуу: ишмердүүлүктүн бул чөйрөлөрү расмий статистикада иш менен камсыз болгондордун категориясына кошулбайт, бирок булар адамдардын жашоо ишмердүүлүгүндө өзгөчө мааниге ээ. Ошондуктан иш менен камсыз болгондордун статусунун тизмеги кандайдыр бир аныкталган шарттарда кеңейиши мүмкүн. Негизгиси коомдун социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн иш менен камсыз кылуунун жыйынтыгын аныктоо керек.

Өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу жана кичи бизнес сыяктуу жекече эмгек ишмердүүлүк да ушул сыяктуу эле мааниге ээ. Анткени алар жумушсуздук түзүмүнүн жана өндүрүштүн кулашынын кесепетин жеңилдетүүдө мамлекетке көмөк көрсөтөт. Бул мамлекет жаңы жумуш орундарын түзүүгө жана өндүрүштүн реалдуу секторлорун өнүктүрүүгө өзүнүн каражаттарын салууга мүмкүнчүлүгү жетпеген учурда жана өткөөл экономиканы модернизациялоо шартында өзгөчө жагымдуу сапат болуп эсептелинет.

Теоретикалык көз караште иш менен камсыз болуунун статусу эмгекке жарамдуу калктын өз-өзүнчө категорияларынын иш менен камсыз болуу өзгөчөлүктөрүн ачып берүү менен байытылышы жана тереңдетилиши мүмкүн. Бул жерде жаштардын жана улгайган адамдардын эмгегин колдонуу өзгөчө кызыкчылыкты жаратат. Биринчи учурда көптөгөн жаштардын иш менен камсыз болууда тажрыйбаларынын жоктугу жана алардын көпчүлүк бөлүгүнүн эмгек ишмердүүлүгүндө даяр эместиги керектүү кесипке окутуу жана жаңы жумуш орундарын түзүү планында коомго аныкталган кыйынчылыкты жаратат. Ал эми экинчи учурда көптөгөн тажрыйбага ээ болгон улгайган адамдар эмгекке болгон жөндөмдүүлүгүн толугу менен же кандайдыр бир деңгээлде жоготкондугуна байланыштуу өндүрүштүк ишмердүүлүккө өздөрүнүн күч аракеттерин жумшай албай калышы мүмкүн.

Калктын иш менен камсыз болуусунун маңызын жана мазмунун ачып берүүдө иш менен камсыз кылуунун мүнөздөмөлөрүн, деңгээлин жана анын параметрлерин өлчөөнүн методологиялык мамилелери негизги мааниге ээ. Баарынан мурда бул иш менен камсыз кылуунун түзүмүнө тиешелүү. Советтен кийинки мезгилде КМШ өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргызстанда, иш менен камсыз кылуунун түзүмүндө терең өзгөрүүлөр болду. Бул көрүнүш экономиканын мамлекеттик секторунда эмгектенгендердин үлүшүнүн дээрлик кыскаруусунан, ал эми мамлекеттик эмес сектордун (кичи жана орто бизнес, дыйкан (фермердик) чарбалар, жеке ишкердик, акционердик коом, биргелешкен ишканалар) үлүшүнүн көбөйүүсүнөн улам пайда болду.

Методологиялык мамиледе иш менен камсыз кылуунун деңгээли анын мааниси менен аныкталат. Ал индивиддин жана жалпы элдердин кирешесинин деңгээлин мүнөздөйт. Бул жерде иш менен камсыз кылуунун негизги саясаты болуп мүмкүнчүлүккө жараша адамзаттык цивилизациянын жалпы жыргалчылыгына максималдуу салым кошуу жана өздөрүнүн чыгармачылыктарын жана устаттыктарын толук колдонуу менен социалдык жана жеке керектөөлөрүн канааттандыруу эсептелинет. Мындай максатка жетүү, жада калса дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүндө дагы, көптөгөн шарттарды жана каражаттарды концентрациялоону талап кылат. КМШнын башка өлкөлөрү сыяктуу эле, Кыргызстан үчүн дагы мындай максатты


pdfelement

жакынкы аралыктарда жүзөгө ашыруу керек. Экономиканы трансформациялоо күтүүсүз башталгандыктан терс натыйжалар көбүрөөк пайда болду. Мындан сырткары, жаш эгемендүү өлкө өзүнүн эгемендүүлүгүн алгандан баштап бүгүнкү күнгө чейин социалдык-эмгектик көйгөйлөрдү өзү чечип келүүдө. Ошол себептүү калкты иш менен камсыз кылуу натыйжалуу эмес чечилип келүүдө, ал эми аны акыл менен пайдалануу көйгөйү кийинки планга коюлган.

Бул жерден калкты иш менен камсыз кылуунун масштабы түп тамырынан өзгөрүлгөндүгүн, башкача айтканда жалпы эмгектенгендердин санынын азайгандыгын жана жумуш орундарынын негизсиз кыскаргандыгын байкоого болот. Аны теоретикалык жактан төмөнкү мотивдер менен түшүндүрүүгө болот:

- жалпы экономикалык түшүүнүн мүнөзүнө карата кыска мөөнөттү эсептөө;
- эгемендүү өлкөлөрдүн социалдык дүйнөнү сактоого умтулуусу;
- менчик кирешени көбөйтүү жана акциянын пакетин көзөмөлдөөнү андан ары колго алуу максатында жамаат менен биргеликте мамлекеттик менчикти сатып алуу жолу менен менчиктештирүү жүргүзүүгө ишканалардын жетекчилеринин кызыкчылыктарынын багытталышы.

Ошол себептүү финансылык жоготууларды азайтуу жана жумуштан бошогондордун масштабын кыскартуу максатында өндүрүштүк кубаттуулуктун чыңалуусун кыскартуу, кыскартылган жумуш убактысына өтүү, администрациянын демилгеси менен жумушчуларды эмгек өргүүгө жөнөтүү, эмгек акынын өлчөмүн кыскартуу, андан кийин эмгек акыны натуралдык түрдө төлөөнүн көлөмүнүн өсүүсү жана эмгек акынын төлөмүн бир канча айларга кечиктирүү саясаты жүргүзүлгөн. Белгилей кетүүчү жагдай, ошол эле учурда жумушчулар өздөрү, аларга эмгек акы төлөнбөсө дагы, штатка жазылып турууга макул болушкан. Анткени, ишканаларга көптөгөн социалдык тейлөөлөр дагы деле көрсөтүлүп турган, ошондуктан мамлекеттик мүлктөрдү менчиктештирүү учурунда жумушчулар “өздөрүнүн үлүшүн” ыйгарып алууну үмүттөнүшкөн.

Калкты иш менен камсыз кылуунун деңгээли жөнүндө сөз кылып жатканда, албетте иш менен камсыз кылуу көйгөйүнө болгон көз караштардын кескин өзгөргөндүгүн белгилеп кетүү керек. Өзгөчө, рыноктук кайра жаралуу мезгилине өтүү акыркы жыйынтыкка негизделип эмгек ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын өлчөөнү талап кылат жана ал рынокто алмашуу операциясынын изи менен аныкталат. Бирок башкаруунун административдик системасына көнүп калган кээ бир өндүрүштүк структуранын жетекчилери эмгек ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын мурдагыдай эле дүң көрсөткүчтөр боюнча, башкача айтканда, суроо-талап менен сунуштан сырткары көрсөткүчтөр менен өлчөнүү улантышкан. Бул, өз учурунда, экономиканын ар түрдүү секторлорундагы иш менен камсыз болгондордун масштабын баалоонун татаалдашуусуна алып келди.

Рыноктук мамилеге өтүү менен мамлекеттен ажыратуу, мамлекеттик (коомдук) мүлктөрдү менчиктештирүү жана ал секторлордон көп сандагы жумушчуларды бошотуу процесси жүрдү. Аталган көрүнүштүн логикалык уландысы катарында экономиканын секторлорунда эмгектенгендерди менчиктин формасынын негизги эки сектору боюнча кайрадан ири масштабда бөлүштүрүү кызмат өтөдү. Маселен, Кыргызстанда 2007-2012-жылдар аралыгында гана мамлекеттик сектордо эмгектенгендердин саны 1219,2 миң адамдан 393,4 миң адамга (65,5 пайыздан 22,2 пайызга чейин) кыскарган.

Чарба жүргүзүүнүн бир системасынан башка системасына өтүү эмгектенгендердин структуралык өзгөрүүсү менен гана коштолбостон, иш менен камсыз кылуунун формасынын өзгөрүүсү менен да коштолот. Мисалы, азыркы учурда Кыргыз Республикасында жалпы эмгектенгендердин санынын ичинен ишкана, мекемелерде, фермердик чарбаларда эмгектенген жарандарды, ошондой эле өзүнчө жеке физикалык жактарды бөлүп кароого болот. Аны менен катар эле жеке негизде эмгектенген, өзүн-өзү иш менен камсыз кылган жарандар да пайда болду. Алар фермердик чарбаларда жана үй-бүлөлүк ишканаларда эмгек акы төлөнбөгөн жумушчулар, ошондой эле жеке менчик ишканалардын жана фермердик (дыйкан) чарбалардын ээлери же башка сөз менен айтканда жумуш берүүчүлөр. Эмгек ишмердүүлүктүн жаңы түрлөрүнүн пайда болушу иш менен камсыз болуу статусунун ички структурасындагы кайра бөлүштүрүүгө алып келди.

Биздин изилдөө көрсөткөндөй, өткөөл экономиканын дагы бир өзгөчөлүгү болуп эл аралык уюмдар тарабынан иштелип чыккан, иш менен камсыз кылуунун жалпы кабыл алынган жоболору эсептелинет. Бул өз учурунда, калктын иш менен камсыз болуу масштабы жана параметри анык сүрөттү чагылдыра албай тургандыгы байкалууда. Негизги багыттар 1999-жылы Эл аралык эмгекти уюштуруу тарабынан кабыл алынган №182 “Жаш балдардын эмгегин кыскартуу жана бөгөт коюу” Конвенциясында белгиленген.

Мындай формаларга төмөнкүлөр кошулган:

- эмгектин мажбурланган формасы (кулчулук ж.б.);
- порнографиялык өндүрүшкө балдарды колдонуу;
- мыйзамга туура келбеген ишмердүүлүктөргө тартуу;
- ден-соолукка зыян келтирүүчү шарттарда эмгектенүү.

Аны менен бирге, Кыргызстандын тажрыйбасы көрсөткөндөй, жогоруда аталган жоболордун бузулушу кеңири жайылган. Бирок ошол эле учурда кээ бир мамлекеттик башкаруу органдарынын айтуусуна караганда жаш балдардын эмгегин колдонуунун негизги себеби үй-бүлөдөгү социалдык жана материалдык жетишпестиктен келип чыгууда жана аны тез арада жоюу кыйын.

Иш менен камсыз кылуунун параметрлери көбүнчө жабык жумушсуздуктун өлчөмү менен аныкталаарын белгилеп кетүү керек. Статистикалык эсептөөнүн жана талдоонун ыңгайлуулугу боюнча “жабык жумушсуздук” деп толук эмес жумуш убакыт шартында эмгектенип жаткан, ошондой эле администрациянын демилгеси менен эмгек өргүүдө жүргөн жарандардын санын түшүнүүгө болот. Бирок, бизге белгилүү болгондой, мындай түшүнүк бардыгын камтый албайт, анткени жүргүзүлгөн изилдөө бул аныктаманын чегинен чыккан бир катар факторлорду тактады:

- жумушчу күчүнүн өтө эле арзандыгы;
- эмгек жамааттын эмгектин натыйжалуулугун жогорулатууга кызыкчылыгынын жоктугу;
- эмгек мыйзамынын сакталбашы же андагы көйгөйлөрдүн пайда болушу.

Мындан сырткары, биздин көз караш боюнча, жабык жумушсуздукка жумушчу өз каалоосу менен эмгектенүүнү токтоткон учурларды кошууга болот. Мисалы: коомдук зарыл болгон деңгээлден эмгек акынын төмөндөтүп жиберүү, ишканада аргасыздан толук эмес жумуш убактысы түзүлгөн учурларда администрациянын

демилгеси менен жумушчуларды эмгек акысын сактабастан эмгек өргүүгө жиберүү ж.б.

Иш менен камсыз кылуунун параметринин жана масштабынын кийинки көз карашы инвестиция тартуу менен байланышкан. Методологиялык планда бул - ишмердүүлүктүн тигил же бул чөйрөсү канчалык инвестиция тартууга жагымдуу болсо, анда адамдык капиталды инвестициялоо жолу менен иш менен камсыз кылуу деңгээлин ошончолук жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ дегенди түшүндүрөт.

Бардык өнүккөн өлкөлөрдө эмгек ишмердүүлүк процессинде квалификацияны жогорулатууга өзгөчө маани берилет. Ошондой эле бизнесте дагы бул максатта маанилүү каражат жумшалат. XX кылымдын 80-жылдарында анын суммасы фирманын жылдык айлануусунун 3-4 пайызын түзгөн. 90-жылдардын башында АКШда квалификацияны жогорулатуу максатында жылына 40 млрд. жакын АКШ доллары жумшалган, ал эми 2000-жылдарда анын суммасы эки эсеге жогорулаган. Болгондо да фирманын ичинде даярдоодо 200-300 ири компаниянын менчик каржылоосу негизги ролду ойнойт. Мисалы, бир гана IBM корпорациясы жылына окутууга 2 миллиард доллар жумшайт.

Биздин изилдөө көрсөткөндөй, иш менен камсыз кылуунун параметрине жана деңгээлине жумушчу кадрларды жана окуу жайлардагы адистерди даярдоо параметри зор таасирин тийгизет. Демек, коомдун керектөөсүнө дал келүүчү адистерди даярдоо бардык категориядагы жумушчу күчүн колдонуунун жана даярдоонун өз ара байланышынын каалаган деңгээлин камсыз кыла алат. Андыктан, иш менен камсыз кылуунун параметри жана масштабы билим берүү процессинен да көз каранды.

Экинчи бап **– “Калкты иш менен камсыз кылуунун заманбап абалы жана аны жогорулатуунун резервдери”** деп аталып, ал экономиканын секторлорунун кызматташуусун жана андагы жумушчу күчүнө болгон суроо-талаптын абалын мүнөздөөгө, эмгек рыногун жана калктын иш менен камсыз болуусун баалоого арналган.

Иш менен камсыз болуунун абалы жана жумушчу күчүнө болгон керектөө көбүнчө экономиканын кызматташуусунун абалынан көз каранды. СССР кулагандан кийин, азыркы заманбап этапта Кыргызстанда экономиканын көптөгөн секторлорундагы технологиялык байланыштын үзүлгөндүгү сезилүүдө. Көбүнчө, ички жана тышкы рынокторго атаандаштык жөндөмдүү болгон продукцияларды өндүрүү боюнча реалдуу сектордо байкалууда. Бул, өз учурунда, иш менен камсыз кылуунун абалына жана жумушсуздукка таасирин тийгизет.

Азыркы учурда эмгек каражаттарын колдонуу көбүнчө эмгек рыногу аркылуу жүзөгө ашырылат. Тагыраак айтканда, жумушчу күчүнө болгон суроо-талап жана сунуш рыноктун мыйзамынын негизинде өз ара таасир этишет. Мындан сырткары, өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу же экономиканын формалдуу эмес сектору сыяктуу эмгек ишмердүүлүктүн стандарттык эмес формалары пайда болду. Алар дагы эмгек рыногун калыптандырууда аныкталган ролду ойнойт.

Эмгек каражаттарынын иш менен камсыз болуусу жана экономиканын кызматташуусунун тыгыз байланышын өндүрүштүк структурада, аймактар аралык жана бүтүндөй өлкөдө эмгекти коомдук бөлүштүрүүдө жана эмгектин жыйынтыгынан байкоого болот. Эмгек ишмердүүлүктүн жана анын жыйынтыктарынын масштабы канчалык көп болсо, анда жогоруда аталган структуралардын рыноктук системадагы орду ошончолук жогору болот.

pdfelement

Тилекке каршы, биздин талдоо көрсөткөндөй, бүгүнкү күндө Кыргызстанда эмгектин натыйжалуулугуна жетишүү сыяктуу, иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндө бир катар көйгөйлөр топтолгон. Көбүнчө, улуттук экономиканын бардык секторлорунда эмгектенгендердин саны кыскарган. Өзгөчө реалдуу экономиканын алдыңкы секторлорунда: өнөр жайда, курулушта, айыл чарбасында кыскарган.

Акыркы он жылда (2002-2012-ж) калктын санынын өсүүсүнөн улам эмгек каражаттардын саны 11,2 пайызга жогорулаган. Ошол себептүү жалпы калктын санындагы эмгек каражаттарынын үлүшү 63,4 пайыздан (2002-жыл) 70,6 пайызга (2012-жыл) өскөн.

Айыл жергесиндеги калктын иш менен камсыз болуу мүнөздөмөсү өзгөчө мааниге ээ, анткени жалпы калктын санынын 60 пайызга жакыны айыл жергесинде жашашат. Андыктан иш менен камсыз кылуу көбүнчө айыл чарбасындагы ишмердүүлүктөн көз каранды болот. Кыргызстанда айыл чарбасында эмгектенгендердин саны улуттук экономикада эмгектенгендердин үчтөн бир бөлүгүн (1990-жылы 32,7%) түзгөн учурда, бул көрсөткүч айыл чарбасындагы эмгектин эффективдүүлүгү боюнча алдынкы капиталисттик өлкөлөрдөн бир канча (6-8 эсе) артта калды деп эсептелинген. Башкача айтканда, өнүккөн өлкөлөрдө айыл чарбасында эмгектенгендердин саны 4-8 пайыздан ашкан эмес. Азыр эми Кыргызстандын айыл чарбасында эмгектенгендердин саны 31,2 пайызга төмөндөдү. Бирок ага карабастан ал жерде өндүрүлгөн продукциялардын көлөмү УДПнын болгону 19,3 пайызын түзөт. Бул жерден республикадагы айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугу боюнча эң начар абалда экендигин байкасак болот.

Бүгүнкү күндө Кыргызстан Октябрь революциясына (1917-ж) чейин кандай болсо, ошол сыяктуу Совет бийлигинин жылдарындай өнүккөн индустриалдык-агрардык республикалардан артта калууда.

Ошондой эле эгемендүү республиканын экономикасы жана соода-сатыкта, коомдук тамактануучу жайларда, материалдык-техникалык жабдууларда, тейлөөдө эмгектенгендердин санынын өсүүсү жакшы эмес абалда мүнөздөлүүдө. Эгерде ата-мекендик продукцияларды өндүрүүнүн базасын өнүктүрүүнүн эсебинен эмгектенгендердин саны көбөйгөн болсо, анда аны актаса болоор эле. Бирок, тилекке каршы, “башка бирөөлөрдүн” б.а. импорттук товарларды сатууга туура келүүдө.

Ушул эле сыяктуу шаар жергесиндеги экономиканын кызматташуусу да жакшы эмес абалда, анткени азыркы учурда көптөгөн өндүрүштүк, курулуш жана башка ишканалар өзүнүн өндүрүштүк кубаттуулугунун болгону 20-30 пайызын гана иштетүүдө.

Эмгек каражаттарынын иш менен камсыз болушу экономикалык ишмердүүлүктүн функциясы болуп эсептелинет, б.а. экономиканын кызматташуу масштабы канчалык көп болсо, анда иш менен камсыз болуунун масштабы дагы ошончолук жогору болот. Бул жерде, эмгекти уюштуруунун жана технологиянын деңгээлин жана өндүрүштүн техникалык камсыз болуу даражасын да эске алуу керек, анткени алар эмгектин сапатына жана өндүрүмдүүлүккө өзүнүн таасирин тийгизет.

Аны менен бирге калктын иш менен камсыз болуусунун динамикасын жана абалын аныктоочу негизги көрсөткүчтөрдүн бири болуп эмгек рыногундагы жумушчу күчүнө болгон суроо-талап менен сунуштун катышы эсептелет. Заманбап этапта жумушчу күчүнө болгон сунуш ага болгон суроо-талаптан ашып тургандыгы ачык байкалууда. Ушундай эле жумушчу күчүнө болгон суроо-талап менен сунуштун катышы улуттук эмгек рыногундагы чыңалууну мүнөздөйт (табл.2.1.).

**Таблица 2.1. 2000-2012-жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасынын эмгек рыногундагы чыңалуу**

| Көрсөткүчтөр | Жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 2000 | 2005 | 2010 | 2011 | 2012 |
| Жумушка орношуу боюнча иш менен камсыз кылуу кызматына кайрылгандардын саны (миң адам) | 98,2 | 99,0 | 98,1 | 95,0 | 95,3 |
| Жумушсуз деп катталгандардын саны (миң адам) | 50,4 | 68,4 | 63,4 | 61,1 | 60,4 |
| Жумушчуларга болгон керектөө (орун) | 956 | 4300 | 7100 | 8200 | 7100 |
| Бир жумуш орунга туура келген талапкерлердин саны (адам) | 50 | 23 | 14 | 12 | 13 |

***Булак:** КР Улуттук статистика комитетинин материалдары.*

Таблицанын материалдарынан көрүнүп тургандай, жумушка орношуу боюнча мамлекеттик иш менен камсыз кылуу органдарына кайрылгандардын саны дээрлик туруктуу. Жумуш орундарын динамикалык кыскартуу улуттук эмгек рыногундагы чыңалуууну азайтууга жардам бербейт. Жумушка орношуу боюнча иш менен камсыз кылуу кызматына кайрылгандардын жана жумушсуз деп катталгандардын санынын өсүүсү акыркы жылдарда кандайдыр бир деңгээлде төмөндөгөн жана бир жумуш орунга туура келген талапкерлердин саны да азайган. Бирок аны менен бардык жумушсуз жарандар иш менен камсыз болду деп айтуудан алыспыз жана улуттук эмгек рыногунда иш менен камсыз кылуу кызматтары аркылуу жумушсуз жарандарды ишке жайгаштыруунун реалдуу мүмкүнчүлүгү жок экендигин байкоого болот.

Экономиканын секторлорунун кызматташуусу эмгек каражаттарын колдонууга таасирин тийгизээрин белгилеп кетүүбүз керек. Ошондуктан, ар бир сектордун үлүшүнүн өзгөрүүсүнөн улам эмгектенген калктын санынын түзүмдүк өзгөрүүсүнө алып келет. Изилденген мезгил аралыгында Кыргыз Республикасында машина куруу, жеңил өнөр жай, металл иштетүү жана улуттук экономиканын башка секторлорунда эмгектенген кызматкерлердин саны кыскарган.

Ошол эле учурда тейлөө чөйрөсүндө, өзгөчө соода-сатык, коомдук тамактануу, мамлекеттик башкаруу жана каржы секторлорунда эмгектенгендердин саны көбөйгөн. Акыркы эки ишмердүүлүктө эмгектенген жумушчулардын санынын көбөйүшүн төмөнкү себептер менен түшүндүрүүгө болот. Биринчиден, эгемендүүлүктү алынууда жана анын калыптануусундагы объективдүү себептердин, ошондой эле заманбап мамлекетке тиешелүү болгон саясий институттардын пайда болушун, ал эми субъективдүү себеп катарында бюрократия жана анын ар тараптуу колдонууга аракет кылынуусун белгилөөгө болот. Негизинен, жогоруда аталган тармактарга жана ишмердүүлүктүн түрлөрүнө көбүнчө шаарларда басым жасалган. Ошондуктан бул тенденция акыркы жылдардагы калктын иш менен камсыз болуу өзгөчөлүгүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн мүнөздөйт (табл.2.2).

pdfelement

**Таблица 2.2. Кыргызстандын экономикасынын секторлору боюнча калктын иш менен камсыз болуусунун түзүмүндөгү өзгөрүүлөр** (тиешелүү жылдарга карата жалпы иш менен камсыз болгон калктын санынын секторлордогу үлүшү, % менен)

| **Көрсөткүчтөр** | **2000** | **2005** | **2006** | **2007** | **2008** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Эмгектенгендердин бардыгы, анын ичинде** | **100** | **100** | **100** | **100** | **100** | **100** | **100** | **100** | **100** |
| Айыл чарбасы жана аңчылык | 53,0 | 38,5 | 36,3 | 34,5 | 34,0 | 32,4 | 31,2 | 30,7 | 30,1 |
| Өнөр жай | 6,9 | 8,5 | 9,1 | 9,0 | 8,7 | 8,5 | 8,6 | 8,3 | 7,6 |
| Курулуш | 2,5 | 7,4 | 8,7 | 9,5 | 10,2 | 11,0 | 10,7 | 10,9 | 11,3 |
| Соода-сатык | 10,6 | 14,5 | 14,7 | 14,7 | 14,6 | 14,2 | 15,0 | 15,2 | 15,2 |
| Транспорт жана байланыш | 3,6 | 5,6 | 5,7 | 6,2 | 6,1 | 6,5 | 6,6 | 6,5 | 7,2 |
| Мамлекеттик башкаруу | 3,7 | 4,9 | 4,8 | 5,0 | 4,7 | 4,7 | 4,4 | 4,5 | 4,8 |
| Билим берүү жана илим | 8,2 | 7,8 | 7,3 | 7,3 | 7,1 | 7,4 | 7,7 | 7,8 | 7,9 |
| Саламаттык сактоо | 4,8 | 4,1 | 4,2 | 4,0 | 3,9 | 3,6 | 3,3 | 3,4 | 3,0 |
| Кызмат көрсөтүү жана башка тейлөө чөйрөлөрү | 6,7 | 8,7 | 9,2 | 9,8 | 10,7 | 11,7 | 12,5 | 12,7 | 12,9 |

***Булак:*** *Тиешелүү жылдар боюнча “Кыргызстан цифраларда” маалыматтарынын негизинде түзүлдү.*

Таблицада көрсөтүлгөн тенденцияны баалоо менен, көптөгөн окумуштуулар дүйнөлүк өнүгүү тенденциясын ээрчип баратат деп белгилешүүдө. Бирок экономикалык мазмуну боюнча тейлөө чөйрөсү өзүнүн максаттуу багытына дал келбейт. Ошондой эле, калктын иш менен камсыз болуусунун түзүмү рационалдуу эмес мүнөзгө ээ. Бул толугу менен түшүнүктүү, анткени өнүккөн өлкөлөрдө калктын иш менен камсыз болуусунун өзгөрүүсү ондогон жылдар аралыгында башка социалдык-экономикалык параметрлер менен өз ара комплекстүү байланышын камтыган Мамлекеттик план менен жанаша акырындык менен жүрөт.

Калктын иш менен камсыз болуусунун структурасына расмий статистикадагы эмгектин катталуу тартиби жана эсепке алынышы чоң таасирин тийгизээрин белгилеп кетүү керек. Бирок заманбап этапта республикада “эске алынбаган” (көмүскөдөгү) экономика деп аталган орундуктар бар, анда дагы эмгек каражаттарынын аныкталган бөлүгү эмгектенүүдө. Мындай көрүнүш КМШнын көпчүлүк өлкөлөрүнө да мүнөздүү. Андыктан, КМШнын статистикалык маалыматтары боюнча көмүскөдөгү экономиканын үлүшү (айыл чарбасындагы формалдуу эмес өндүрүштү эсепке алуу менен) Казахстанда, Арменияда, Өзбекстанда 30 пайызга жакын, Россия жана Грузияда 20 пайыздан ашуун, Белорусияда - 9%, Молдавияда - 15%, Түркменистанда - 16%, ал эми Кыргызстанда анын үлүшү УДПнын 32 пайызын түзөт. Ошол эле учурда экономика министрлиги бул маалыматты 1,5 эсеге көбөйтүүдө *[2014-жылдын февраль айындагы Жогорку Кеңештин отурумундагы экономика министри Т.А.Сариевдин билдирүүсүнөн]*.

Калктын иш менен камсыз болуусунун заманбап абалы калктын жумушсуздугунун деңгээли менен мүнөздөлөт. Эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстандын эмгек рыногунда жумушсуздардын санынын өсүүсүн байкоого

болот. Кыргыз Республикасындагы жумушсуздук менен байланышкан татаал кырдаалды жумушсуздукту аныктоодогу жана баалоодогу ар түрдүү мамилелерди колдонууда жеткиликтүү маалыматтын жоктугу менен түшүндүрүүгө болот. Изилдөө көрсөткөндөй, расмий жумушсуздуктун деңгээли (Эл аралык эмгекти уюштуруунун (ЭЭУ) аныктамасы, ошондой эле расмий статистика боюнча) 1995-2012-жылдар аралыгында 7,2 пайыздан 8,4 пайызга чейин жогорулаган, анын ичинде эркектердин арасындагы жумушсуздук 1995-жылы 5,7 пайыздан 2012-жылы 8,9 пайызга жеткен (табл.2.3).

**Таблица 2.3. 1995-2012-жылдар аралыгындагы Кыргыз Республикасындагы жумушсуздуктун деңгээли** (% менен)

| Көрсөткүчтөр | Жылдар | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **1995** | **2000** | **2005** | **2010** | **2012** |
| ЭЭУ боюнча жумушсуздуктун деңгээли, бардыгы | 7,2 | 7,5 | 9,9 | 10,29 | 8,4 |
| ЭЭУ боюнча жумушсуздуктун деңгээли, эркектер | 5,7 | 6,0 | 9,4 | 7,7 | 8,9 |
| ЭЭУ боюнча жумушсуздуктун деңгээли, аялдар | 9,0 | 9,4 | 10,5 | 9,9 | 7,7 |

***Булак:*** *Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан жүргүзүлгөн үй чарбаларын изилдөөнүн маалыматтары боюнча түзүлдү.*

pdfelement

Жумушсуз деп катталган, ошондой эле ишкананын курамында жүргөн, бирок иштебеген же эмгек акысын сактабастан эмгек өргүүгө жөнөтүлгөн жалпы жумушсуздардын саны биздин эсептөөлөр боюнча 12 миң адамдан ашуун.

Иш менен камсыз болуунун мазмуну көбүнчө экономикалык-социалдык чөйрөдөгү квалификацияга болгон муктаждыкка билим берүүнүн деңгээлинин дал келүүсүнөн да көз каранды. Бирок, биздин изилдөө көрсөткөндөй, жогорку билимдүү адистерди жана атайын кесиптик кадрларды даярдоо рыноктук керектөөгө такыр эле дал келбей жатат. Айрыкча, экономикалык-социалдык чөйрөнүн керектөөсү менен жогорку окуу жайлардагы даярдалып жаткан кадрлардын дал келбей жаткандыгын байкоого болот.

Жогорку билим бардык деңгээлдеги жетекчилер, орто жана жогорку квалификациялуу адистер үчүн зарыл. Бирок азыркы учурда жогорку билим талап кылган жумуштарда болгону 55,7 пайыз адистер эмгектенүүдө. Бул жерден төмөнкүдөй жыйынтык чыгарууга болот: жогорку билимге ээ болгон 40 пайызга жакын жарандар өздөрүнүн билимин практикада колдонушпай жүрүшөт. Тагыраак айтканда, жумушчу күчү ашык болуп жаткан учурда жогорку жана орто кесиптик билимге ээ болуу менен алган кесиби боюнча жумушка орношууга кепилдик бербейт.

Эмгек рыногун жана эмгек каражаттарынын колдонулушун мүнөздөө үчүн калктын иш менен камсыз болуусунун деңгээли негизги мааниге ээ (табл.2.4.).

**Таблица 2.4. 15 жаш жана андан жогору куракгагы Кыргызстандын калкынын иш менен камсыз болуу деңгээли (% менен)**

| Жылдар | 2005 | 2006 | 2007 | 2008 | 2009 | 2010 | 2012 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 59,5 | 60,1 | 59,8 | 60,0 | 59,0 | 58,6 | 58,8 |
| Шаар калкы | 55,3 | 56,0 | 56,3 | 57,3 | 55,4 | 55,1 | 55,7 |
| Айыл калкы | 62,1 | 62,6 | 61,9 | 61,6 | 61,1 | 61,6 | 60,5 |
| Эркектер | 70,3 | 71,3 | 71,3 | 70,9 | 70,7 | 70,7 | 71,3 |
| Аялдар | 49,3 | 49,3 | 48,8 | 49,7 | 47,9 | 47,1 | 46,9 |

***Булак:*** *тиешелүү жылдарга карата “Кыргыз Республикасындагы жумушсуздук жана иш менен камсыз болуу” статистикалык жыйнагынын маалыматтары боюнча эсептелди.*

Жалпы эмгектенген калктын санында ишкана, мекеме жана уюмдардагы кызматкерлердин үлүшү акыркы жети жылда 34 пайыздан 31,2 пайызга кыскарган. Ушул эле сыяктуу көрүнүш жеке ишкердик чөйрөсүндө, фермердик чарбаларда жана башка ишканаларда байкалган. Ал эми жеке жарандарда жалданып эмгектенген жактардын үлүшү 342,3 миң адамдан 582,3 миң адамга же 12,9 пайыздан 25,9 пайызга өскөн.

Өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу экономиканын агрардык секторунда кеңири жайылган. 2012-жылы дыйкан (фермердик) чарбаларында эмгектенгендердин үлүшү жалпы эмгектенген калктын санынын 21,3 пайызын түзгөн, ал эми жалпы калктын санынын 60,5 пайызы айыл чарбасында эмгектенүүдө.

Жекече эмгек ишмердүүлүк менен алектенген калктын саны 2005-2012-жылдар аралыгында 10 000 миң адамга же 3,1 пайызга жогорулаган. Жекече эмгек ишмердүүлүк соода-сатыкта, үйдө колдонулуучу буюмдарды жана автомобилдерди оңдоодо, курулушта, тейлөө көрсөтүүдө, тамак-аш азыктарын жана кийим-кечелерди өндүрүү чөйрөлөрүндө кеңири жайылды.

Иш менен камсыз кылуунун дагы бир мүнөздөмөсү болуп социалдык чөйрөдөгү мекемелердин жана өндүрүштүк структуранын менчик формалары, экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча жумушчу күчүнүн жеткиликтүүлүгү эсептелет. Жумушчу күчүнүн жеткиликтүүлүгүн талдоо Кыргыз Республикасында жаңы кесипке ээ болууну каалаган жана жаңы жумуш издеген жактарга жардам берүүчү структуралардын жеткиликтүү эмес деңгээлде өнүккөндүгүн көрсөттү. Ошондой эле экономикалык жактан активдүү калктын арасында жаңы адистиктерди өздөштүрүү боюнча кызмат көрсөтүүчү жардамчы уюмдардын же адистештирилген окуу жайлардын аз санда экендигин белгилеп кетүү керек. Дагы башка маанилүү көйгөй болуп жашаган жери боюнча милдеттүү каттоого туруу эсептелинет. Бул эмгек каражаттарынын аймактар аралык жеткиликтүүлүгүн кандайдыр бир деңгээлде татаалданттырат. Паспорттук режимге карабастан 2000-жылдан 2012-жылга чейинки аралыкта ички миграциянын масштабы кеңири жайылган. Көбүнчө айыл жергесинен өлкөнүн шаарларына жана Бишкек шаарына көчүп өтүү жүргөн. Бул кошумча социалдык чыңалууга алып келет.

Миграциянын дагы бир чоң масштабын республиканын чегинен байкоого болот. Анткени жылдан жылга республикага сырттан келгендердин санына караганда кеткендердин санынын өсүүсү байкалууда. 2012-жылы эле республикадан 13019 адам чыккан, ал эми 5532 адам келген, б.а. терс көрүнүштөгү калдык 7487 адамды түзгөн.

pdfelement

Республикадан башка өлкөлөргө көптөгөн адамдардын чыгып кетип жаткандыгын жакшы жашоо жана жумуш издөө сыяктуу себептер менен түшүндүрүүгө болот.

Акыркы убактарда миграция процесси айыл жергесиндеги калктын активдүү бөлүгүнүн кескин кыскаруусуна алып келүүдө. Жумушсуздуктун өсүү жана экономиканы реформалоо шартында айыл жергесиндеги калктын активдүү бөлүгү шаарга көчүп өтүүдө. Өз кезегинде, бул Бишкек, Ош, Жалалабат сыяктуу шаарлардагы жумушсуздукту дагы да тереңдетти. Экономиканык каатчылык шартта аялдарды иш менен камсыз кылуу негизги көйгөйдү жаратууда. Ошол себептүү, эгерде экономикалык ишмердүүлүктүн тармактары боюнча аялдардын иш менен камсыз болуусун карай турган болсок, анда аялдардын көпчүлүгү эң төмөн эмгек акы төлөнүүчү тармактарда эмгектенгендерин байкоого болот: билим берүү, дене тарбия жана спорт, саламаттык сактоодо (66,6% аялдар жана 33,4 % эркектер), социалдык камсыз кылуу чөйрөлөрүндө - 75,4% жана 24,6%, искусстводо - 57,8% жана 42,2%. Ошол эле учурда билим берүү, саламаттык сактоо сыяктуу тармактарда эмгектенген аялдардын эмгек акысы башка тармактарга караганда бир канча төмөн же республикалык орточо эмгек акынын деңгээлинин 57-61 пайызын түзөт.

Үчүнчү бап **– "Жумушсуздук менен күрөшүүнүн жана калктын иш менен камсыз болуу деңгээлин жогорулатуунун негизги багыттары"** деп аталып, анда келечекте социалдык-экономикалык өнүгүүнүн программасын жүзөгө ашырууда калкты иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү стратегиялык максаттар; жумушсуздукту кыскартуу боюнча иш-чараларды жана иш менен камсыз кылууну мамлекет тарабынан жөнгө салууну өркүндөтүү; жумушсуздукту кыскартууга жана иш менен камсыз кылуунун деңгээлин жогорулатууга таасир этүүчү эмгек рыногунун кызматташуусунун негизги шарттары каралган.

Стратегиялык планда эмгек каражаттарын эффективдүү колдонууну жогорулатуу жана калктын иш менен камсыз кылуу көйгөйлөрүн чечүү үчүн адамдын эмгек ишмердүүлүгүндөгү потенциалын колдонуунун формасына негизделиши зарыл. Ошол себептүү социалдык саясатта адамдын эмгегине болгон багыт артыкчылыкка ээ болушу керек.

Заманбап этаптагы социалдык-экономикалык саясаттын модернизациялоонун мурдагы этаптан негизги айырмачылыктарынын бири болуп бардык адамдардын активдүү жашоо позициясын жөнгө салууга умтулуу, өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашырууга жана жогорку деңгээлдеги материалдык баалуулуктарга жетишүүгө аларга толук мүмкүнчүлүк жаратып берүү эсептелинет.

Эмгек каражаттарын пайдалануунун жана калкты иш менен камсыз кылуунун стратегиялык максаттары катарында төмөнкү маселелерди алып чыгууга болот:

1. Калкты натыйжалуу иш менен камсыз кылуу, жумушчу күчүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу;

2. Эмгек рыногунун реалдуу керектөөсүнө дал келүүчү жумушчу күчүнүн курамын жана кесиптик квалификацияны камсыз кылуу;

3. Өлкөнүн ичинде жана анын чегиндеги өзгөрүүлөргө жараша калкты иш менен камсыз кылуу саясатынын кыймыл аракетин адекваттуу камсыз кылуу. Андыктан көбүрөөк маани калктын өзүн-өзү иш менен камсыз болуусуна жана жеке ишкердүүлүккө стимул берүүчү укуктук, кредиттик, макроэкономикалык жана башка шарртарды түзүүгө берилиши керек. Өзгөчө көңүл аймактардагы калкты иш менен камсыз кылуу боюнча конкреттүү иш-чараларга бөлүнүшү керек.

Калкты иш менен кылуунун мамлекеттик саясатынын чөйрөсүндөгү стратегия жумушсуздуктун өсүүсүн кыскартууга, жумушсуздуктун пайда болуусуна жана

социалдык чыңалуунун тобокелчилигин жогорулоосуна таасир этүүчү факторлорду жеңилдетүүгө жана азайтууга багытталышы керек.

Эмгек каражаттарын колдонуунун жана калктын иш менен камсыз болуусунун стратегиялык максаттарынын негизги сапаты катарында автор төмөнкү багыттарга басым жасоону сунуштайт:

- жумушчу күчүнө болгон суроо-талапты жана сунушту божомолдоо жана анын негизинде кадрларды, өзгөчө жогорку билимдүү адистерди даярдоодо реформалоону жүзөгө ашыруу;
- окуу жайлардагы билим берүү кызматын товар катарында эске алуу менен, жогорку жана башка окуу жайларды бүтүргөн адистердин жумушка орношкон далилдерине, алардын ишмердүүлүгүнө жумуш берүүчүлөр жана квалификациялуу адистер тарабынан баа берүү;
- бир катар окуу жайларды ички жана тышкы эмгек рыногундагы атаандаштык жөндөмдүүлүккө ыңгайлаштырып которуу үчүн инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу;
- өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө калкты иш менен камсыз кылуунун жогорку деңгээлине жетишүү негизги артыкчылык экендигин моюнга алуу менен, республиканын потенциалын натыйжалуу колдонуунун негизинде экономиканын ар түрдүү секторлорунда адекваттуу жумуш орундарын түзүү;
- эмгек каражаттарын колдонууну акыл эстүү жөнгө салууну жана башкарууну жүзөгө ашыруу.

Ошондой эле стратегиялык максат катарында экономиканын формалдуу эмес секторлорунда жана көмүскөдөгү экономикада эмгектенгендердин масштабын кыскартууга көмөк көрсөтүүчү рыноктук мамилелердин өнүгүүсүн белгилөөгө болот.

Калкты иш менен камсыз кылуу стратегиясындагы дагы бир өзгөчөлүк – бул эмгек акы менен калктын жашоо деңгээлинин ортосундагы байланыш. Эмгек акынын деңгээли эмгек ишмердүүлүккө гана стимул бербестен, ар бир жумушчунун салымын да объективдүү чагылдырышы керек. Ошондуктан эмгектин чыгымын баалоо илимий жана адилеттүү негизде жүргүзүлүшү керек.

Жумушсуздук менен күрөшүүдө жана калктын иш менен камсыз болуу деңгээлин жогорулатууда мамлекет тарабынан жөнгө салууну өркүндөтүү негизги мааниге ээ.

Иш менен камсыз кылууну ар түрдүү бөлүштүрүүгө болот. Бирок, биздин көз караш боюнча, бөлүштүрүү эле эмес, конкреттүү объект боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу деңгээли да негизги мааниге ээ. Ошол себептүү иш менен камсыз кылууну жөнгө салуунун жана жүзөгө ашыруунун көз карашы боюнча иш менен камсыз кылуунун программасынын үч деңгээлин бөлүп кароого болот:

1. калкты иш менен камсыз кылуу боюнча облустук деңгээлдеги иш-чараларды аныктоочу программалар;

2. эмгек рыноктогу өзүнчө бөлүмдөрдүн көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган конкреттүү иш-чаралардын курамын аныктоочу, иш менен камсыз кылуунун райондук (шаардык) программалар;

3. ар бир жергиликтүү жашоочунун кызыкчылыгын эсепке алуу менен Кыргызстандын айыл өкмөттөрүндө түзүлүүчү айылдык программалар.

Эмгек рыногундагы активдүү саясаттардын артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп микро кредиттерди берүү жолу менен жумушсуз жарандардын ишкердик

ишмердүүлүгүн колдоо эсептелинет. Керектүү суммадагы кредитти алуу менен, жумушсуз жарандар төмөнкү багыттар боюнча өздөрүнүн менчик иштерин ачууга мүмкүнчүлүк алат:

- кездемелерди тигүү;
- нан азыктарын чыгаруу;
- соода-сатык жана коомдук тамак-аш;
- мал чарбачылык жана айыл чарбасы;
- элдик кол өнөрчүлүк;
- турмуш тиричилик жагын тейлөөлөрдү уюштуруу;
- ар түрдүү кызмат көрсөтүү ж.б.

Өзүн-өзү иш менен камсыз кылууну стимулдаштыруу жана жумушсуздуктун масштабын кыскартуу үчүн көптөгөн өлкөлөр жардамдардын каржылык жана башка түрлөрүн көрсөтүү программаларын колдонушат. Кыргызстандын тандап алган өнүгүү моделине ылайыктуу өзүн-өзү иш менен камсыз кылуунун өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүүнүн Германия тажрыйбасы кызыгууну жаратат. Тилекке каршы, бизде көйгөйлүү маселе болуп жумушсуздар үчүн баштапкы капиталдын өлчөмүн жогорулатуу эсептелинет.

Жергиликтүү эмгек рыногундагы чыңалууну төмөндөтүүнүн натыйжалуу багыттарынын бири катарында коомдук төлөнүүчү жумуштарды уюштуруу системасын кошууга болот.

Иш менен камсыз кылууну жөнгө салууда экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча бош жумуш орундарынын жайгашуусу, эмгек акынын деңгээли, талап кылынып жаткан жумуш орундар жөнүндө маалыматтык базаны түзүү процессине эң көп көңүл бөлүнүшү керек. Ошол себептүү, биздин көз караш боюнча, иш менен камсыз кылуу кызматтарынын материалдык-техникалык базаларын чыңдоо жана алардын статусун жогорулатуу керек.

pdfelement

Жумушсуздукту кыскартуунун жана иш менен камсыз кылуунун деңгээлин жогорулатуунун багыттарынын катарына эмгек рыногунун кызматташуусунун жагымдуу шарттарын кошууга болот. Анткени, ал өз учурунда эмгек ишмердүүлүктүн натыйжалуу кесилишүүсүн жана объективдүүлүгүн камсыз кылууга көмөк көрсөтөт.

Бул жерден эмгек рыногунун калыптануусунда негизги шарттардын бири болуп эмгек каражаттарын натыйжалуу колдонуу гана эсептелбестен, өндүрүштүн натыйжалуулугу да толугу менен эске алынышы керек.

Өз кезегинде, эмгек рыногундагы саясаттын калыптанышына төмөнкүдөй экономикалык факторлор абдан күчтүү таасирин тийгизет:

- экономикалык өнүгүүнүн деңгээли;
- улуттук экономиканын тармактык түзүмү;
- акча-кредиттик жана салык саясаты.

Бул жерден, эмгек рыногундагы саясат өлкөдөгү ар бир өнүгүүнүн этабындагы бардык социалдык-экономикалык абалды эске алуучу комплекстүү жана систематикалык мамилелерди талап кылат деген жыйынтыкты чыгарууга болот.

Эмгек рыногунун шартын өркүндөтүүдө өзгөчө жаштар керектелет. Андыктан жаштарды керектүү кесипке же адистикке окутуп гана тим болбостон, аларды атаандаштык шартында эмгек ишмердүүлүгүнө киришүүгө да даярдоо керек.

Улуттук экономиканын көтөрүлүшү, жаңы өндүрүштөрдүн түзүлүшү жана азыркы ишканалардын кайрадан жаңыланышы менен жогорку квалификациялуу

жумушчу күчүнө болгон суроо-талаптын жогорулашы талашсыз. Ал, өз кезегинде, атаандаштыкка жөндөмдүү продукцияларды, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүүнү камсыз кылуучу, заманбап технологияларды өздөштүрүүчү квалификациялуу адистерди даярдоонун жана кайра даярдоонун көлөмүн кеңейтүүнү талап кылат.

Мындан сырткары, улуттук экономиканы модернизациялоо шартында жумушчу жөн эле жумушчу күчүн алып жүрүүчү гана болбостон, өзүн-өзү өнүктүрүүгө жөндөмдүү болгон капиталдын өзгөчө түрүнүн ээси да болуп эсептелинет. Бул улуттук өндүрүштүн натыйжалуулугунун өсүүсүн түшүндүрөт. Ошондуктан 30 жана андан жогорку курактагы жумушчу күчүнүн сапатын жакшыртуу үчүн жумушчулардын, айрыкча адистердин квалификациясын жогорулатуу өзгөчө мааниге ээ.

## КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР

Жүргүзүлгөн илимий изилдөөнүн натыйжасында төмөндөгүдөй корутундуларды жана сунуштарды берүүгө болот:

1. Экономикалык теориянын классиктеринин жана анын улантуучуларынын эмгектерин окуп үйрөнүүнүн негизинде биз төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик: заманбап этапта жумушсуздуктун жана калктын иш менен камсыз болуусунун мазмуну жана маңызы комплекстүү көйгөйлөрдү чечүүгө алып барат, анын ичинен калкты максималдуу деңгээлде иш менен камсыз кылуу, эмгекке болгон суроо-талап менен сунушту теңдештирүү, калктын жашоо жыргалчылыгын жогорулатуу максатында жогорку деңгээлдеги эмгек акыга жана эмгектин натыйжалуулугуна жетишүү.

2. Иш менен камсыз болуу адамдын социалдык өнүгүүсүндөгү негизги аспектилердин бирин ачып берет. Анткени, ал адамдардын эмгек чөйрөсүндөгү керектөөнү канааттандыруу менен байланышкан. Бул кубулуш, өз кезегинде, убакыт жана мейкиндик боюнча иш менен камсыз кылуунун деңгээлин жана анын параметрлерин сандык жактан аныктоону талап кылат. Методологиялык планда бул түшүнүктөрдү ачып берүү үчүн иш менен камсыз болгон калктын билим деңгээли, экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү, аймак, курагы жана жынысы боюнча иш менен камсыз болгондордун структурасы сыяктуу бир катар категорияларды колдонууга туура келет. Бул калкты иш менен камсыз кылууну жакшыртуунун жолдорун аныктоого, ошондой эле иш менен камсыз кылуу теориясына салым кошууга көмөк көрсөтөт.

3. Калктын иш менен камсыз болуусунун жана анын резервин жогорулатуунун заманбап абалын талдоо республиканын социалдык чөйрөсүндө, экономикасында жана эмгек ишмердүүлүгүндө бир катар маанилүү көйгөйлөр бар экендигин аныктады. Негизги көйгөйлөрдүн катарына төмөнкүлөрдү кошууга болот: калктын көпчүлүк бөлүгүнүн жумушсуздук категориясына кабылышы; эмгекке жарамдуу калктын көпчүлүк бөлүгүнүн республикадан сыртка чыгып кетүүлөрү; жогорку окуу жайларда даярдалып жаткан кадрлардын жана адистердин рыноктун суроо-талабына дал келбестиги; жумушчу күчүнө болгон керектөөнү аныктоодо илимий негизделген божомолдордун жоктугу.

Рынокту трансформациялоо учурунда мамлекеттик секторлордо эмгектенгендерди экономиканын менчик секторлоруна бөлүштүрүү жүрдү,

Кыргызстанда анын үлүшү 79,1 пайызды түздү. Бир эле учурда экономиканы трансформациялоо Кыргызстандын заманбап геоэкономикалык абалына дал келүүчү жаңы тармактык структуралардын калыптануусуна мүмкүчүлүк жаратты. Бул өз учурунда, республикада эмгектенгендин структурасынын өзгөрүүсүнө (өндүрүштө эмгектенгендердин санынын кескин кыскарышына, айыл-чарбасында, ошондой эле тейлөө жана соода-сатык чөйрөлөрүндө эмгектенгендердин санынын өсүүсүнө) алып келди.

4. Жумушсуздукту кыскартуу жана калктын иш менен камсыз кылуунун деңгээлин жогорулатуу үчүн жаңы жумуш орундарын түзүүнү, эмгекти натыйжалуу уюштурууну жана эмгек каражаттардын колдонулуусун башкарууну караган, келечекте жүзөгө ашырылуучу долбоорлорду камтыган стратегиялык максаттарды иштеп чыгуу негизги мааниге ээ. Негизинен, автор тарабынан иште төмөнкүдөй иш-чаралар сунушталган:

- жумушчу күчүнө болгон суроо-талапты жана сунушту божомолдоо жана анын негизинде кадрларды, өзгөчө жогорку билимдүү адистерди даярдоодо реформалоону жүзөгө ашыруу;
- окуу жайлардагы билим берүү кызматын товар катарында эске алуу менен, жогорку жана башка окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн жумушка орношкон далилдерине, алардын ишмердүүлүгүнө жумуш берүүчүлөр жана квалификациялуу адистер тарабынан баа берүү;
- бир катар окуу жайларды ички жана тышкы эмгек рыногундагы атаандаштык жөндөмдүүлүккө ыңгайлаштырып которуу үчүн инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгуу;
- өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө калкты иш менен камсыз кылуунун жогорку деңгээлине жетишүү негизги артыкчылык экендигин моюнга алуу менен, республиканын потенциалын натыйжалуу колдонуунун негизинде экономиканын ар түрдүү секторлорунда адекваттуу жумуш орундарын түзүү;
- эмгек каражаттарын колдонууну акыл эстүү жөнгө салууну жана башкарууну жүзөгө ашыруу.

5. Изилдөө көрсөткөндөй, жумушсуздукту кыскартуунун жана калкты иш менен камсыз кылуунун эңсеген деңгээлине жетүү көбүнчө мамлекеттик жөнгө салуунун деңгээлинен көз каранды. Ошондуктан негизги басым төмөндөгүлөргө жасалат:

- жумушчу күчүн колдонууда маанилүү резервдерди жүзөгө ашырууга;
- жаш балдардын эмгегин колдонууну кыскартууга, экономиканын формалдуу эмес секторлорунда эмгектенгендердин санын азайтууга;
- акысыз жогорку жана кесиптик билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн кескин кыскартууга;
- эмгектенген калктын кээ бир бөлүгүндө социалдык жактан коргоонун жана социалдык кепилдиктин жоктугу ж.б.

6. Калктын иш менен камсыз болуусуна эмгек рыногунун кызматташуу шарттарынын тийгизген таасиринин маанилүүлүгүн жана көп тараптуулугун эске алуу менен:

- жумушчу күчүнө болгон суроо-талап менен сунуштун ортосундагы теңдештикке жетишүү үчүн шарттарды түзүү;
- өлкөдөгү бар жумуш орундарын сертификациялоо жана инвентаризация жүргүзүү;

- жумуш орундарынын системасын динамикалык өнүктүрүүнүн негизинде кесиптер жана тармактар боюнча эмгектенгендердин структурасынын өзгөрүүсүн камсыз кылуу;
- жумушчу күчүнө болгон сунуштун сапаттуу мүнөздөмөлөрүнө, ошондой эле экономикалык жактан активдүү калктын структурасына максаттуу жана ар тараптуу таасир этүү;
- кесиптик билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизинде жумушчу күчүнүн атаандаштык деңгээлин жогорулатуу;
- эмгек рыногундагы деформацияны (жабык жумушсуздукту, көмүскөдөгү иш менен камсыз кылууну, эмгек акынын кечиктирилүүсүн ж.б.) минимумга келтирүү;
- жогорку окуу жайлардын, кесиптик лицейлердин жана колледждердин бүтүрүүчүлөрүн чыгарууда эмгек рыногунда талапты аныктоо менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан мониторингдерди жүргүзүү;
- билим берүү рыногунун натыйжалуу кызматташуусун жогорулатуу үчүн окуу мекемелердин практикасына маркетингдик изилдөөлөрдү киргизүү керек.

pdfelement

## ТЕМА БОЮНЧА ЖАРЫК КӨРГӨН ЭМГЕКТЕР:


1. Абдрахманов О.Э. Анализ состояние занятости населения и безработных в условиях перехода к рыночным отношениям [Текст] / О.Э.Абдрахманов // Известия ВУЗов. - 2012. - №6. - С.159-161.
2. Абдрахманов О.Э. Социально-экономическая сущность занятости населения и безработицы в условиях перехода к рыночным отношениям [Текст] / О.Э.Абдрахманов // Наука и новые технологии. - 2012. - №6. - С.172-174.
3. Абдрахманов О.Э. Уровень и структура занятости населения Кыргызской Республики [Текст] / О.Э.Абдрахманов // Наука и новые технологии. - 2012. - №7. - С.122-124.
4. Абдрахманов О.Э., Райымбаев Ч.К. Политика регулирования занятости населения и сокращение безработицы в условиях рынка [Текст] / О.Э.Абдрахманов, Ч.К. Райымбаев // Экономика: теория и практические аспекты: сб.межд.науч-практ.конф. - Новосибирск, 2013. - С. 141-147.
5. Абдрахманов О.Э. Совершенствование политики занятости населения и сокращение безработицы [Текст] / О.Э.Абдрахманов // Экономика и статистика. - 2013. - №1. - С.21-25.
6. Абдрахманов О.Э. Основные задачи политики занятости населения и сокращение безработицы на перспективный период [Текст] / О.Э.Абдрахманов // Экономика и статистика. - 2013. - №1. - С.29-32.
7. Абдрахманов О.Э. Трудовой потенциал и повышение уровня занятости населения [Текст] / О.Э.Абдрахманов // Экономика и статистика. - 2013. - №2. - С.29-32.
8. Абдрахманов О.Э., Арынова Н.С. Пути снижения безработицы в сельском хозяйстве [Текст] / О.Э.Абдрахманов, Н.С.Арынова // Экономика и статистика. - 2013. - №2. - С.43-46.
9. Абдрахманов О.Э., Талайбек уулу Т. Характерные черты переходного периода в отношениях занятости населения и безработицы [Текст] / О.Э.Абдрахманов, Т.Талайбек уулу // Высшая школа Казахстана. - 2014. - №3. - С.18-23.


pdfelement

**Абдрахманов Оёнбек Эмиловичтин 08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Эмгекти модернизациялоо шартында жумушсуздукту кыскартуунун жана калктын иш менен камсыз болуусун жөнгө салуунун социалдык-экономикалык көйгөйлөрү (Кыргыз Республикасынын материалында)” деген темадагы диссертациялык ишинин**

**РЕЗЮМЕСИ**

***Ачкыч сөздөр:*** эмгек рыногу, калктын иш менен камсыз болуусу, жумушсуздук, эмгекке болгон суроо-талап жана сунуш, эмгек төлөмү, эмгек шарты, эмгек мамилелеринин маданияты, эмгектин натыйжалуулугу, өзүн-өзү иш менен камсыз кылуу.

***Изилдөөнүн объектиси*** катарында рыноктук экономиканын кайра жаралуу шартындагы эмгекке жарамдуу калктын абалы кызмат өтөйт.

***Изилдөөнүн предмети*** болуп чарбалык субъектилер менен жумушчу күчүнүн ортосунда пайда болуучу жумушсуздуктун жана иш менен камсыз болуунун деңгээлинин абалы эсептелинет.

***Диссертациялык изилдөөнүн максаты*** болуп калктын иш менен камсыз болуусунун жана жумушсуздуктун теоретикалык жоболорун окуп үйрөнүүнүн, ошондой эле анын Кыргызстандагы заманбап абалын баалоонун негизинде республикадагы жумушсуздукту кыскартуунун жана калктын иш менен камсыз болуу деңгээлин жогорулатуу боюнча илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгуу эсептелинет.

***Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы*** болуп төмөнкүлөр эсептелинет: калктын иш менен камсыз болуусунун социалдык-экономикалык мазмуну окулуп үйрөнүлдү жана анын мазмуну аталган чөйрөдөгү заманбап тенденциялардын пайда болуусун жана Кыргызстандын спецификалык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен толукталды; иш менен камсыз кылуунун социалдык-экономикалык өнүгүүгө жана калктын жашоо деңгээлине тийгизген таасиринин көз карашы менен иш менен камсыз болуунун деңгээлин жана анын параметрлерин өлчөөнүн методологиялык мамилелери такталды; аталган чөйрөдөгү рыноктук тенденцияларды жана калктын иш менен камсыз болуусунун заманбап абалын окуп үйрөнүүнүн негизинде калкты иш менен камсыз кылуунун натыйжалуулугун жогорулатуунун резервдери аныкталды; келечекте өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн программасын жүзөгө ашырууда калктын иш менен камсыз болуу чөйрөсүндөгү стратегиялык максат иштелип чыкты; калкты иш менен камсыз кылууда мамлекет тарабынан жөнгө салууну жакшыртуунун жолдору сунушталды; эмгек рыногунун кызматташуусунун жана анын жумушсуздукту кыскартууга, калктын иш менен камсыз болуусуна тийгизген таасиринин негизги шарттары иштелип чыкты.

***Пайдалануу даражасы жана колдонуу чөйрөсү.*** Алынган жыйынтыктар Кыргызстандын элинин жашоо сапатын жогорулатуу жана эмгекке жарамдуу калкты иш менен камсыз кылуу боюнча өлкөнүн жана анын аймактарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн мамлекеттик программаларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

pdfelement

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Абдрахманова Оёнбека Эмиловича на тему: «Социально-экономические проблемы регулирования занятости населения и сокращение безработицы в условиях модернизации труда (на материалах Кыргызской Республики)» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством**

***Ключевые слова:*** рынок труда, занятость населения, безработица, спрос и предложение труда, оплата труда, условия труда, культура трудовых отношений, эффективность труда, самозанятость.

***Предметом исследования*** является состояние уровня занятости населения и безработицы, возникающие между хозяйствующими субъектами и рабочей силой в процессе рыночных социально-трудовых отношений.

***Объектом исследования*** выступает состояние занятости трудоспособного населения в условиях рыночных экономических преобразований.

***Цель диссертационного исследования*** состоит в том, чтобы на основе изучения теоретических положений занятости населения и безработицы, а также оценки их современного состояния в Кыргызстане, разработать научно обоснованные предложения и конкретные рекомендации по повышению уровня занятости и сокращению безработицы в республике.

***Научная новизна диссертационного исследования*** заключается в следующем: изучена социально-экономическая сущность занятости населения, её содержание дополнено с учетом проявлений современных тенденций в этой области и специфических особенностей Кыргызстана; уточнены методологические подходы к измерению уровня занятости и её параметров с точки зрения влияния занятости на социально-экономическое развитие и уровень жизни; на основе изучения современного состояния занятости населения и изучения рыночных тенденций в этой области определены резервы повышения эффективности занятости; разработаны стратегические цели в области занятости населения в реализации программ социально-экономического развития на перспективу; предложены пути улучшения государственного регулирования занятости населения; выработаны основные условия функционирования рынка труда и его влияния на занятость населения и сокращение безработицы.

***Степень использования и область применения.*** Основные выводы диссертационного исследования могут быть использованы в практической деятельности как основа для научных разработок по изучению трудовых отношений новой суверенной страны.

pdfelement

## SUMMARY

**dissertation Abdrakhmanov Oionbek Emilovich on "Socio-economic problems of regulation of employment and reduction of unemployment in the modernization of labor (on the materials of the Kyrgyz Republic)" for the degree of candidate of economic sciences, specialty 08.00.05 - economics and management of a national economy**

***Keywords:*** labor market, employment, unemployment, labor demand and supply, wages, working conditions, labor relations culture, the efficiency of labor, self-employment.

***The subject of this study*** is to state the level of employment and unemployment arising between business entities and labor market in the process of social and labor relations.

***The object of research*** is the employment status of the working population in the conditions of market-oriented economic reforms.

***The aim of the dissertation*** research is to study on the basis of theoretical positions of employment and unemployment, as well as to assess their current state of Kyrgyzstan, to develop evidence-based proposals and concrete recommendations for increasing employment and reducing unemployment in the country.

***Scientific novelty*** of the dissertation research is as follows: studied the socio-economic nature of employment, its content updated with the manifestations of the modern trends in this area and the specific characteristics of Kyrgyzstan; refined methodological approaches to measuring the level of employment and its parameters in terms of the impact of employment on the socio-economic development and standard of living; based on a study of the current state of employment and study market trends identified reserves of increasing the efficiency of employment; developed strategic objectives in the field of employment in the implementation of socio-economic development in the future; suggest ways to improve state regulation of employment; developed the basic conditions for the functioning of the labor market and its impact on employment and reducing unemployment.

***Extent of use and scope.*** The main conclusions of the dissertation research can be used in practice as a basis for scientific research on the study of the employment relationship of the new sovereign country.

pdfelement

pdfelement

Басуугa берилди: 10.09.2014

Формат 60х84 1/16. Заказ № 32
Көлөмү: 1,75 б.т. Нускасы 100 даана.

Ош МУнун “Билим” редакциялык басма бөлүмү